# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН ТОКТОМУНАН

## КӨЧҮРМӨ

Бишкек ш. 2021-жылдын 25-февралындагы № 07/2

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктуна таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 5-октябрындагы № 43/1 «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет).

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун төмөнкү бөлүмдөрүн толтуруу боюнча көрсөтмөлөрдү колдонуу мөөнөтү катары төмөнкү мөөнөттөр белгиленсин:

- 12-бөлүмдүн «Банк портфелинин экономикалык наркынын пайыздык чен тобокелдигине дуушарлануу деңгээлин аныктоо» деп аталган А бөлүкчөсү – 2021-жылдын 1-июлунан тартып;
- 18-бөлүмдүн «Банктын тобокелдик жагдайлары жөнүндө маалымат» деп аталган И бөлүкчөсү – Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылынын 27-декабрындагы № 2019-П-12/68-2-(НПА) токтому күчүнө кирген күндөн тартып.

Көзөмөл боюнча комитеттин катчысы: Ж.Аралова

Управление государственного языка и документооборота
ИНН 01212199210017

Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын Көзөмөл
боюнча комитетинин
2021-жылдын 15-февралындагы
№07/2 токтомуна карата
тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 5-октябрындагы №43/1 «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 5-октябрындагы № 43/1 «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдүн:

- 1.1-пунктунун:

он жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- 12-бөлүк. Банк портфелинин экономикалык наркынын пайыздык чен тобокелдигине дуушарлануу деңгээлин аныктоо жана активдерди/милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрү»;

он сегизинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«- 14-бөлүк. Экономикалык ченемдердин/көрсөткүчтөрдүн сакталышы жана банк капиталынын («капитал буфери» индекси) кошумча запасын колдоого алуу талаптары жөнүндө маалымат»;

- 15-бөлүк. Банк капиталынын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициенттерин эсептөө;

- 16-бөлүк. Ачык валюта позициялары жөнүндө отчет»;

он тогузунчу абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«- 17-бөлүк. Банктын ишенимдүү башкаруу операциялары жөнүндө маалымат»;

«1. Жалпы жоболор» главасы төмөнкү мазмундагы 1.3-пункт менен толукталсын:

«1.3. Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун 1-18-бөлүктөрү миң сом түрүндө берилет»;

- 4.1-пунктунун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2, 3, 4, 7-пунктуларда келтирилген кызмат адамдары бүтүндөй банктын масштабында көрсөтүлгөн багыттар боюнча жүргүзүлүп жаткан саясат үчүн жоопкерчилик тартышат.»;

- 5.1-пунктунун «а», «б» жана «в» пунктчалары төмөнкү редакцияда берилсин:

«а) шаар – банктын башкы кеңсеси жайгашкан шаардын аталышы;

б) көчөсү, үй номери - банктын башкы кеңсеси жайгашкан көчөнүн аталышы жана имараттын номери;

в) почта индекси - банктын башкы кеңсесинин почта бөлүмүнүн индекси»;

- 6.1-пунктунун:

үчүнчү абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

төртүнчү жана бешинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Эскертүү: кредиттерден жана финансылык ижарадан тышкары (8 жана 9-статьялар), баланстык отчеттун статьяларындагы суммалар потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын атайын камдарынын (мындан ары – РППУ) жана амортизациялык чегерүүлөрдүн тиешелүү суммаларын алып салуу менен көрсөтүлөт.

Д жана Е бөлүкчөлөрүндө баланстык отчеттун башка активдери жана милдеттенмелери, ошондой эле Улуттук банк алдында милдеттенмелер боюнча статьялар чечмеленет.»;

- 6.2-пунктунун:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Акча каражаттары» деген 1-статьяда акча каражаттарынын: жүгүртүү кассасындагы банкноттордун жана монеталардын, эсепке түшө элек банкноттордун жана монеталардын, филиалдардагы жана аманат кассаларындагы банкноттордун жана монеталардын, банктын банкоматтарындагы жана терминалдарындагы банкноттордун жана монеталардын суммасы валюта түрлөрү: сом, КМШ жана Балтия өлкөлөрүнүн валюталары, Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна (ОЭСР) кирген өлкөлөрдүн валюталары жана башка валюталар боюнча чагылдырылат.»;

төртүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка банктардагы жана финансы-кредит уюмдарындагы корреспонденттик эсептер» деп аталган 3-статьяда башка банктардагы же финансы-кредит уюмдарындагы корреспонденттик эсептердеги акча каражаттарынын суммасы, ошондой эле банктагы ушул банктардын же финансы-кредит уюмдарынын овердрафт суммалары тиешелүү РППУну минуска чыгаруу менен чагылдырылат. Калдыктар төмөнкү валюталар боюнча көрсөтүлөт: сом, КМШ жана Балтия өлкөлөрүнүн валюталары, Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн валюталары жана башка валюталар.»;

алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Банктын баалуу кагаздары» деп аталган 5-статьяда банкка тиешелүү баалуу кагаздардын номиналдык наркы: тооруктук баалуу кагаздар, сатууга боло турган баалуу кагаздар жана төлөөгө чейин кармалып туруучу баалуу кагаздар портфели, дисконтту/сый акыларды, адилет наркын корректировкалоону эске алуу менен жана тиешелүү атайын РППУну минуска чыгаруу менен көрсөтүлөт.»;

онунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка кардарларга кредиттер жана финансылык ижара» деп аталган 9-статьяда кардарларга кредиттердин жана финансылык ижаранын, анын ичинде овердрафт-кредиттеринин жана финансы-кредит уюму болуп саналган жергиликтүү жана чет өлкөлүк кардарларга кредиттик карттарды колдонуу менен берилген кредиттердин суммасы тиешелүү дисконтту минуска чыгаруу менен чагылдырылат.»;

он биринчи абзацтагы «финансылык институттарга» сөздөрү «финансы-кредит уюмдарына» сөздөрүнө алмаштырылсын;

он төртүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Активдин ордун жабуу үчүн ссуда алуучудан кабыл алынган кыймылсыз мүлк» деп аталган 13-статьяда банк тарабынан активди төлөөгө кабыл алынган ссуда алуучунун кыймылсыз мүлкү, ошондой эле Улуттук банктын талаптарына ылайык банктын башка кыймылсыз мүлкү тиешелүү РППУну минуска чыгаруу менен чагылдырылат.»;

он жетинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка активдер» деп аталган 16-статьяда эсептердеги акча каражаттарын кошо алганда, жогоруда көрсөтүлбөгөн башка активдердин баланстык наркы тиешелүү атайы РППУну минуска чыгаруу менен, ошондой эле валюталык операциялар боюнча суммалар (чет өлкө валютасы боюнча алгылыктуу таза своп-позиция, форварддык бүтүмдөр боюнча

наркты корректировкалоо, аягына чыгарылбаган чет өлкө валютасын/улуттук валютаны спот-сатып алуулар) жана материалдык эмес активдер чагылдырылат.»;

- 6.3-пунктунун он экинчи абзацындагы «кайсы» деген сөзү «белгилүү» дегенге алмаштырылсын;

- 6.5-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«Г бөлүкчөсү. Балансган тышкаркы милдеттенмелер

«Кредиттерди берүүгө милдеттенмелер» деп аталган 35-статьяда келечекте кредиттерди же кредит алмаштыруучуларды берүү боюнча милдеттенмелер чагылдырылат.

«Жалпы гарантиялар жана ушул сыяктуу милдеттенмелер» деп аталган 36-статьяда банк тарабынан чыгарылган же тастыкталган жалпы гарантиялар жана ушул сыяктуу милдеттенмелер чагылдырылат.

«Аккредитивдер» деп аталган 37-статьяда банктын төмөнкү аккредитивдер боюнча мүмкүн болуучу милдеттенмелери чагылдырылат:

а) стендбай;

б) документтик;

в) башкалар.

«Валюталык операциялар» деп аталган 38-статьяда банктын валюталык операциялар боюнча милдеттенмелери чагылдырылат:

а) своп-операциялар:

- сатып алуу;
- сатуу;

б) башка форварддык операциялар:

- сатып алуу;
- сатуу.

38-статьянын а) пунктунун «сатып алуу» сабында своп-операциянын жыйынтыгында кайра сатып алуу милдеттенмеси менен сатылган валютанын суммасы чагылдырылат.

38-статьянын а) пунктунун «сатуу» сабында своп-операциянын жыйынтыгында кайра сатуу милдеттенмеси менен сатылып алынган валютанын суммасы чагылдырылат.

Мында, «своп-операциялар» сабында «сатып алуу» жана «сатуу» саптарынын суммасы чагылдырылат.

38-статьянын б) пунктунун «сатып алуу» сабында башка форвардык операциялардын жыйынтыгында кайра сатып алуу милдеттенмеси менен сатылган валютанын суммасы чагылдырылат.

38-статьянын б) пунктунун «сатуу» сабында башка форвардык операциялардын жыйынтыгында кайра сатуу милдеттенмеси менен сатылып алынган валютанын суммасы чагылдырылат.

Мында, «башка форварддык операциялар» сабында «сатып алуу» жана «сатуу» саптарынын жалпы суммасы чагылдырылат.

«Активдерди сатып алуу боюнча милдеттенмелер» деп аталган 39-статьяда банктын келечекте активдерди сатып алуу боюнча милдеттенмелери чагылдырылат.

«Балансган тышкаркы башка милдеттенмелер» деп аталган 40-статьяда жогоруда көрсөтүлбөгөн балансган тышкаркы бардык башка милдеттенмелер чагылдырылат.

«Бардыгы болуп балансган тышкаркы милдеттенмелер» деп аталган 41-статьяда 35-статьядан 40-статьяга чейинки статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

Эскертүү: балансган тышкаркы операциялар боюнча контр-эсептер чагылдырылбайт.»;

- 6.6-пунктунун:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка активдер» деп аталган 1-статьяда балансстык отчеттун 16-статьясында камтылган банктын активдерин чечмелөөлөр атайын потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам эсептен чыгаруусуз көрсөтүлөт:»;

онунчу абзацтагы «тиешелүү статьясында» сөздөрү «29-статьясында» дегенге алмаштырылсын;

- 6.7-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«6.7. Е бөлүкчөсү. Улуттук банк алдында милдеттенмелер.

«Овернайт» деп аталган 1-статьяда банк тарабынан алынган овернайт кредиттеринин суммасы чагылдырылат.

«Акыркы инстанция кредити» деп аталган 2-статьяда банк тарабынан алынган акыркы инстанция кредитинин суммасы көрсөтүлөт.

«ЕБРР кредиттери» деп аталган 3-статьяда ЕБРРдин (Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы) кредиттик линиясы боюнча банк тарабынан алынган кредиттердин суммасы чагылдырылат.

«МАР кредиттери» деп аталган 4-статьяда МАРдын (Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы) кредиттик линиясы боюнча банк тарабынан алынган кредиттердин суммасы чагылдырылат.

«Улуттук банк алдында башка кредиттер жана милдеттенмелер» деп аталган 5-статьяда банктын Улуттук банк алдындагы башка милдеттенмелеринин суммасы көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» деп аталган 6-статьяда 1-5-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- 6.9-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«К. бөлүкчөсүндө банктын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелерин тартуу жөнүндө маалымат Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сом эквивалентинде чагылдырылат.»;

- 6.10-пунктунун алтынчы абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 6.11-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«6.11. М бөлүкчөсү. Кыргыз Республикасынын областтарына тармактар боюнча берилген кредиттердин көлөмү

Бул бөлүкчөдө финансы-кредит уюмдарына берилген кредиттерден тышкары, кредиттердин жана финансылык ижаранын, анын ичинде овердрафт-кредиттеринин жана жергиликтүү жана чет өлкөлүк кардарларга кредиттик карттарды пайдалануу менен берилген кредиттердин калдык суммалары чагылдырылат. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин жана финансылык ижаранын суммасы Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сом эквивалентинде келтирилет.

Маалымат, кредит банктын кайсы областтык бөлүмү тарабынан сунушталгандыгына жараша областтарга бөлүү менен көрсөтүлөт.

Кардарларга сунушталган кредиттер жана финансылык ижара кардардын негизги иш багыты же бизнесинин түрү боюнча эмес, алган каражаттарын жумшоо максатына ылайык экономика секторлору боюнча бөлүштүрүлүүгө тийиш. Бардык кредиттердин жана финансылык ижаранын отчеттук күнгө карата карыз калдыгы тиешелүү дисконтту минуска чыгаруу менен көрсөтүлөт.

«Башка кардарларга кредиттер жана финансылык ижара» саптарындагы маалыматтар «Балансстык отчет» деп аталган 1-бөлүктүн 9-статьясындагы маалыматтарга дал келүүгө тийиш.»;

- 6.12-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бул бөлүкчөдө, финансы-кредит уюмдарынан тышкары, тобокелдик деңгээли боюнча классификацияланууга тийиш болгон, жергиликтүү жана чет өлкөлүк кардарларга

сунушталган жеке адамдардын жана юридикалык жактардын кредиттеринин жана финансылык арენданын калдык суммасы, ошондой эле алардын ордун жабуу үчүн түзүлгөн камдардын өлчөмү бардык валюталарда чагылдырылат. Тобокелдик деңгээли боюнча классификациялануга тийиш болгон кредиттер жана алардын ордун жабуу үчүн чет өлкө валютасында түзүлгөн камдар Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сом эквивалентинде келтирилет.»;

- 6.13-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бул бөлүкчөдө жеке адамдардын, юридикалык жактардын, банктардын, башка финансы-кредит уюмдарынын жана бийлик органдарынын депозиттеринин көлөмү жөнүндө маалымат республиканын областтары боюнча камтылат. Чет өлкө валютасында тартылган депозиттер Улуттук банктын отчеттук күнгө карата эсептик курсу боюнча сом эквивалентинде келтирилет. Маалыматтар республиканын областтарына бөлүү менен банктын депозитти тарткан областтык бөлүмү боюнча көрсөтүлөт.»;

- 6.15-пунктунун экинчи жана үчүнчү абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бул бөлүкчөдө жеке адамдардын, юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин депозиттери, ошондой эле акча каражаттарын которуу системаларынын камсыздандыруу депозиттери боюнча банктын депозиттери жөнүндө маалыматтар камтылат.

«Саны» тилкесинде аманатчылардын саны депозиттердин түрү боюнча бөлүп көрсөтүлөт. Эгерде аманатчыда депозиттердин бир нече түрү болсо (мөөнөттүү/талап боюнча төлөнүүчү/жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери), ошол аманатчыны акча каражаттарынын суммасын көбүрөөк болгон депозиттерде көрсөтүү зарыл.»;

- 7.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«7.1. Бул бөлүкчөдө банктын кирешелер жана чыгашалары боюнча статьялары, ошондой эле банктын пайдасы/чыгымы чечмеленет. «Өтүп жаткан мезгил« тилкесинде бардык статьяларда маалымат отчеттук ай үчүн көрсөтүлөт, ал эми «жыл башынан тартып» тилкесинде отчеттук жылдын башталышынан тартып жогорулоо жыйынтыгы боюнча көрсөтүлөт. Бул отчеттогу суммалар алгылыктуу жана терс мааниде болушу мүмкүн.»;

- 7.2-пунктунун:

экинчи, төртүнчү, бешинчи, алтынчы, жетинчи, сегизинчи жана тогузунчу абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Коммерциялык банктардагы депозиттер жана эсептер боюнча пайыздык кирешелер» деп аталган 1-статьяда банктын башка банктардагы жана финансы-кредит уюмдарындагы депозиттери, ошондой эле резидент эмес банктардагы корреспонденттик эсептер боюнча пайыздык кирешелери көрсөтүлөт.»;

«Тооруктук баалуу кагаздар боюнча пайыздык кирешелер» деп аталган 3-статьяда банк тарабынан тооруктук баалуу кагаздар боюнча чегерилген пайыздык кирешелер көрсөтүлөт.

«Сатууга жарактуу баалуу кагаздар боюнча пайыздык кирешелер» деп аталган 4-статьяда банктын сатууга жарактуу баалуу кагаздар боюнча чегерген пайыздык кирешелери көрсөтүлөт.

«Төлөөгө чейин кармалып туруучу баалуу кагаздар боюнча пайыздык кирешелер» деп аталган 5-статьяда банктын төлөөгө чейин кармалып туруучу баалуу кагаздар боюнча чегерген пайыздык кирешелери көрсөтүлөт.

«Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар боюнча пайыздык кирешелер» деп аталган 6-статьяда банктын банктар аралык кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар (30 күнгө чейинки) боюнча чегерген пайыздык кирешелери берилет.

«Финансы-кредит уюмдарына кредиттер жана финансылык ижара боюнча пайыздык кирешелер» деп аталган 7-статьяда банктарга жана башка финансы-кредит уюмдарына берилген кредиттер жана финансылык ижара боюнча банк тарабынан чегерилген пайыздык кирешелер чагылдырылат.

«Башка кардарларга кредиттер жана финансылык ижара боюнча пайыздык кирешелер» деп аталган 8-статьяда банктын эл чарба тармактарына кредиттер жана финансылык ижара боюнча чегерген пайыздык кирешелери көрсөтүлөт. Мында пайыздык кирешелер кардардын негизги иш багыты же бизнесинин төмөнкүдөй түрлөрү боюнча эмес, жумшоо максатына ылайык, экономиканын секторлору боюнча бөлүштүрүлүүгө тийиш.»;

- 7.3-пунктунун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Алынган кредиттер боюнча пайыздык чыгашалар» деп аталган 19-статьяда банктын эл аралык мекемелеринен алган кредиттерин кошо алганда, банктардан жана башка финансы-кредит уюмдарынан алган кредиттери боюнча пайыздык чыгашалары көрсөтүлөт.»;

- 7.4-пунктунун:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бул бөлүкчөдө банктын бухгалтердик балансынын пайыздык эмес кирешелеринин калдыгы көрсөтүлөт.»;

бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Чет өлкө валютасы менен операциялардан кирешелер» деп аталган 28-статьяда банктын чет өлкө валютасы менен операциялардан кирешелери көрсөтүлөт (отчеттук мезгилдеги тиешелүү эсептер боюнча кредиттик жүгүртүүлөр).»;

жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка пайыздык эмес кирешелер» деп аталган 30-статьяда туунду финансылык инструменттер (фьючерс, форвард/спот, опцион) менен операциялардан кирешелерди кошо алганда, жогоруда көрсөтүлбөгөн пайыздык эмес кирешелер жана баалуу кагаздарды жана туунду финансылык инструменттерди, чет өлкө валютасын кайра баалоодон кийин (тиешелүү эсептер боюнча кредит калдыгы) иш жүзүндө алынбаган киреше, ошондой эле туумдар, айыптык санкциялар жана башка төлөмдөр көрсөтүлөт.»;

- 7.5-пунктунун:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бул бөлүкчөдө банктын бухгалтердик балансынын пайыздык эмес чыгашаларынын калдыгы көрсөтүлөт.»;

бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Чет өлкө валютасы менен операциялардан чыгым» деп аталган 34-статьяда банктын чет өлкө валютасы менен операциялардан улам келип чыккан чыгымдары көрсөтүлөт (отчеттук мезгилдеги тиешелүү эсептердин дебети боюнча жүгүртүүлөр).»;

алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка пайыздык эмес чыгашалар» деп аталган 35-статьяда чет өлкө валютасын кайра баалоодон чыгым тартууларды кошо алганда (тиешелүү эсептердин дебети боюнча калдык), жогоруда келтирилбеген пайыздык эмес чыгашалар чагылдырылат.»;

- 7.6-пунктунун:

экинчи абзацынан он биринчи абзацына чейин төмөнкү редакцияда берилсин:

«Персоналды күтүүгө сарптоолор» деп аталган 37-статьяда банк кызматкерлерине эмгек акы, сый акы төлөөгө жана башка ушул сыяктуу төлөөлөргө байланыштуу (банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө төлөмдөрдөн тышкары) төмөнкүдөй сарптоолор көрсөтүлөт:

а) эмгек акы жана сый акылар;

б) башка компенсациялар жана субсидиялар (башка төлөөлөр);

в) Социалдык фондго төлөөлөр.

«Банктын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө гонорар» деп аталган 38-статьяда банк Башкармасынын/Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө төлөнүүчү сый акылар жана гонорарлар көрсөтүлөт.

«Менчикке салыкты кошо алганда, негизги каражаттарга карата башка чыгашалар» деп аталган 39-статьяда амортизацияларга чегерүүлөрдү жана мүлккө салык боюнча сарптоолорду кошо алганда, банктын имаратына жана курулмаларына, эмерегине, транспортуна, жабдууларына, компьютерлерине, программалык камсыздоолоруна жана материалдык эмес активдерине чыгашалар көрсөтүлөт:

а) ижара төлөмү;

б) коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жана мүлккө салык;

в) амортизацияга чыгашалар.

«Салыктар жана камсыздандыруу» деп аталган 40-статьяда пайда салыгын жана мүлккө салыкты эске албаганда, банктын камсыздандырууга жана салыктарды жана жыйымдарды төлөөгө байланыштуу чыгашалары көрсөтүлөт.»;

он бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Жоготуулардын жана чыгым тартуулардын (кредиттик эмес операциялардан) ордун жабууга кам» деп аталган 44-статьяда кредиттер жана финансылык ижара, ошондой эле чегерилен пайыздар боюнча РППУну эске албаганда, атайын жана жалпы РППУга чыгашалар суммасы активдер боюнча көрсөтүлөт.»;

- 8.1-пунктунун:

экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Капитал өзүндө жөнөкөй жана артыкчылык берилген акцияларды, бөлүштүрүлбөгөн пайданы жана капиталдык камдарды камтыйт. Бул отчетто жыйынды капиталдын суммасы 1.В. «Капитал» деген бөлүгүнүн 33-статьясынын суммасына барабар болууга тийиш. Таблицанын 1, 3 жана 10-статьяларында белгиленгенден башка бардык суммалар жыл башынан берки таза суммардык өзгөрүүлөр катары көрсөтүлүүгө тийиш. Бул бөлүктөгү суммалар оң жана терс болушу мүмкүн.»;

төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Өткөн жыл үчүн отчетто көрсөтүлбөгөн капитал эсептерин корректировкалоо» деп аталган 2-статьяда жыл башына карата капитал эсебиндеги калдыктарга киргизилген бардык өзгөртүүлөрдүн суммасы чагылдырылат. Эгерде эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбесе, бул статьяда нөл мааниси көрсөтүлүүгө тийиш.»;

алтынчы жана жетинчи абзацтар төмөнкү редакцияда берилсин:

«Жыл башынан берки пайда (чыгым)» деп аталган 4-статьяда жыл башынан берки таза пайда (чыгым) көрсөтүлөт. Бул статьянын мааниси «Пайда жана чыгым жөнүндө отчет» деп аталган 2-бөлүктөгү пайдага (чыгымга) шайкеш келүүгө тийиш.

«Өтүп жаткан жыл ичинде номиналдан үстөк төлөнгөн капитал (нетто)» деп аталган 5-статьяда акционерлер тарабынан өтүп жаткан жыл ичинде номиналдан үстөк салынган акча каражаттарынын суммасы чагылдырылат.»;

он сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

««Жыйынтыгында отчеттук мезгилдин акырына карата капитал» деп аталган 10-статьяда 3-статьядан тартып 9-статьядагы сумма көрсөтүлөт.»;

- 8.2-пунктунун:

үчүнчү жана төртүнчү абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Төлөнгөн уставдык капитал» деп аталган 2-статьяда 1.В. «Капитал» деп аталган бөлүктүн 31-статьясынын а) жана б) пунктчаларындагы жөнөкөй жана артыкчылык берилген акциялар чагылдырылат.

«Мамлекеттин төлөнгөн уставдык капиталдагы үлүшү» деп аталган 3-статьяда банктын төлөнгөн уставдык капиталындагы мамлекетке таандык акциялардын бөлүгү көрсөтүлөт. Бул статьяга ошондой эле мамлекеттик мекемелердин жана мамлекеттин 51 пайыздан жогору акциялары катышкан юридикалык жактардын акциялары да кирет.»;

бешинчи абзацы күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 9.1-пунктунун:

биринчи жана экинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бул бөлүктө банктын жыл башынан берки бөлүштүрүлбөгөн пайдасы боюнча өзгөрүүлөр көрсөтүлөт. Эгерде отчеттук мезгил ичинде бул отчеттун кайсы бир статьясында эч кандай өзгөрүүлөр болбосо, мындай статьяда нөлдүк маани көрсөтүлөт.

«Өткөн жыл үчүн отчетто көрсөтүлгөн бөлүштүрүлбөгөн пайда» деп аталган 1-статьяда алгач Баланстык отчетто жана Пайда жана чыгым жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн банктын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы чагылдырылат. Жаңы ачылган жана өз ишин өтүп жаткан жылдын 1-январынан тартып же андан кийин баштаган банк боюнча бул статьяда нөлдүк маани көрсөтүлөт.»;

бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Жыл башынан берки пайда (чыгым)» деп аталган 4-статьяда 2-бөлүктүн пайда жана чыгым жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн, өтүп жаткан жыл ичинде катталган таза пайда (чыгым) чагылдырылат.»;

он үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Жыйынтыгында, отчеттук мезгилдин акырына карата бөлүштүрүлбөгөн пайда» деп аталган 12-статьяда бул таблицанын 3-11-статьяларынын суммасы берилет. Бул сумма 1.В. «Капитал« бөлүгүндөгү 31-статьянын суммасына дал келүүгө тийиш.»;

- 10.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«10.1. Бул отчет үч графадан турат: статьянын аталышы, статьянын сом түрүндөгү мааниси жана чет өлкө валютасындагы отчеттун статьяларынын Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сом эквивалентиндеги мааниси.»;

- 10.3-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«10.3. «Мамлекеттик органдар тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздар» деп аталган 1-статьяда банктын төмөнкүлөр боюнча тооруктук карыздык баалуу кагаздары көрсөтүлөт:

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик казына векселдери жана башка мамлекеттик баалуу кагаздар – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан чыгарылган, тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен менен көрсөтүлөт;

б) Улуттук банк тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – Улуттук банк тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

в) жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

г) КМШ жана Балтия өлкөлөрүнүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – КМШ жана Балтия өлкөлөрүнүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

д) Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

е) башка өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – башка өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт.

«Башка тооруктук карыздык баалуу кагаздар» деп аталган 2-статьяда төмөнкү компаниялар тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздар көрсөтүлөт:

а) жергиликтүү компаниялардын карыздык баалуу кагаздары – жергиликтүү компаниялар тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

а1) жергиликтүү ислам банктарынын карыздык баалуу кагаздары – жергиликтүү ислам банктары тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б) чет өлкө компанияларынын карыздык баалуу кагаздары – чет өлкө компаниялары тарабынан чыгарылган, тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б1) чет өлкөлүк ислам банктарынын карыздык баалуу кагаздары – чет өлкөлүк ислам банктары тарабынан чыгарылган тооруктук карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт.

«Тооруктук капиталдык баалуу кагаздар» деп аталган 3-статьяда банктын капиталдык тооруктук баалуу кагаздары көрсөтүлөт:

а) жергиликтүү компаниялардын капиталдык баалуу кагаздары – жергиликтүү компаниялардын капиталдык тооруктук баалуу кагаздарынын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

а1) жергиликтүү ислам банктарынын капиталдык баалуу кагаздары – жергиликтүү ислам банктары тарабынан чыгарылган капиталдык тооруктук баалуу кагаздарынын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б) чет өлкө компанияларынын капиталдык баалуу кагаздары – чет өлкө компанияларынын капиталдык тооруктук баалуу кагаздарынын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б1) чет өлкөлүк ислам банктарынын капиталдык баалуу кагаздары – чет өлкөлүк ислам банктары тарабынан чыгарылган капиталдык тооруктук баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

«Мамлекеттик органдар тарабынан чыгарылган, сатуу үчүн жарактуу карыздык баалуу кагаздар» деп аталган 4-статьяда – мамлекеттик органдар тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздар көрсөтүлөт:

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик казына векселдери жана башка мамлекеттик баалуу кагаздар – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б) Улуттук банк тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – Улуттук банк тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен чагылдырылат;

в) жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

г) КМШ жана Балтия өлкөлөрүнүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – КМШ жана Балтия өлкөлөрүнүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган,

сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

д) Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен чагылдырылат;

е) башка өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – башка өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен чагылдырылат.

«Сатууга жарактуу башка карыздык баалуу кагаздар» деп аталган 5-статьяда компаниялар тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу төмөнкүдөй карыздык баалуу кагаздар чагылдырылат:

а) жергиликтүү компаниялардын карыздык баалуу кагаздары – жергиликтүү компаниялар тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен чагылдырылат;

а1) жергиликтүү ислам банктарынын карыздык баалуу кагаздары – жергиликтүү ислам банктары тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен чагылдырылат;

б) чет өлкө компанияларынын карыздык баалуу кагаздары – чет өлкө компаниялары тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б1) чет өлкө ислам банктарынын карыздык баалуу кагаздары – чет өлкө ислам банктары тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт.

«Сатууга жарактуу капиталдык баалуу кагаздар» деп аталган 6-статьяда сатууга жарактуу төмөнкүдөй капиталдык баалуу кагаздар көрсөтүлөт:

а) жергиликтүү компаниялардын капиталдык баалуу кагаздары – жергиликтүү компаниялардын сатууга жарактуу капиталдык баалуу кагаздарынын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен чагылдырылат;

а1) жергиликтүү ислам банктарынын капиталдык баалуу кагаздары – жергиликтүү ислам банктары тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу капиталдык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен чагылдырылат;

б) чет өлкө компанияларынын капиталдык баалуу кагаздары – чет өлкө компанияларынын сатууга жарактуу капиталдык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б1) чет өлкө ислам банктарынын капиталдык баалуу кагаздары – чет өлкө ислам банктары тарабынан чыгарылган, сатууга жарактуу капиталдык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны жана адилет наркын корректировкалоону эсепке алуу менен чагылдырылат.

«Мамлекеттик органдар тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып туруучу карыздык баалуу кагаздар» деп аталган 7-статьяда мамлекеттик органдар тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып туруучу төмөнкүдөй баалуу кагаздар көрсөтүлөт:

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик казына векселдери жана башка мамлекеттик баалуу кагаздар – Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б) Улуттук банк тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар - Улуттук банк тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен чагылдырылат;

в) жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу, карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

г) КМШ жана Балтия өлкөлөрүнүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – КМШ жана Балтия өлкөлөрүнүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

д) Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен чагылдырылат;

е) башка өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар – башка өлкөлөрдүн өкмөттөрү тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен берилет.

«Төлөөгө чейин кармалып турууучу башка карыздык баалуу кагаздар» деп аталган 8-статьяда компаниялар тарабынан чыгарылган төлөөгө чейин кармалып турууучу төмөнкүдөй баалуу кагаздар көрсөтүлөт:

а) жергиликтүү компаниялардын карыздык баалуу кагаздары – жергиликтүү компаниялар тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

а1) жергиликтүү ислам банктарынын карыздык баалуу кагаздары – жергиликтүү ислам банктары тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен көрсөтүлөт;

б) чет өлкө компанияларынын карыздык баалуу кагаздары – чет өлкө компаниялары тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен чагылдырылат;

б1) чет өлкө ислам банктарынын карыздык баалуу кагаздары – чет өлкө ислам банктары тарабынан чыгарылган, төлөөгө чейин кармалып турууучу карыздык баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны эсепке алуу менен чагылдырылат.

«Баалуу кагаздарга карата жалпы РППУ» деп аталган 9-статьяда тооруктук баалуу кагаздар, сатууга жарактуу жана төлөөгө чейин кармалып турууучу баалуу кагаздар боюнча жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга жалпы кам көрсөтүлөт.

«Баалуу кагаздарга карата атайын РППУ» деп аталган 10-статьяда тооруктук баалуу кагаздар, сатууга жарактуу жана төлөөгө чейин кармалып турууучу баалуу кагаздар боюнча жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга атайын кам көрсөтүлөт.

«Баалуу кагаздардын таза наркы» деп аталган 11-статьяда баалуу кагаздардын таза наркы көрсөтүлөт (баалуу кагаздардын номиналдык наркы дисконтту/сый акыны, адилет наркын корректировкалоону эсепке алып, жана баалуу кагаздар боюнча РППУну минуска чыгаруу менен) берилет.»;

- 10.4-пунктундагы «баланстык» деген сөзү «адилеттик (рыноктук)» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 11.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«11.1. 6 А бөлүкчөсүндө банктын бардык валюталардагы бардык мөөнөтү өтүп кеткен активдери тууралуу маалымат кардарлар түрүнө жана кечиктирилген күндөрдүн санына жараша чагылдырылат. 6 Б бөлүкчөсүндө банктын чет өлкө валютасындагы мөөнөтү өтүп кеткен активдери тууралуу маалымат Улуттук банктын отчеттук күнгө карата эсептик курсу боюнча сом эквивалентинде келтирилет.»;

- 11.2-пунктунун:

үчүнчү сүйлөмү алынып салынсын;

төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Баалуу кагаздарга инвестициялар жана/же капитал» деп аталган 3-статьяда инвестициялоочу компаниянын иш натыйжасын бөлүштүрүү формасында, банктын пайда алуу максатында карыздык баалуу кагаздарга салымдары, ошондой эле акцияларды сатып алуусу же капиталга финансылык салымдары көрсөтүлөт.»;

- 11.5-пунктунун:

бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Реструктуризацияланган кредиттер» деп аталган 4-тилкеде отчеттук күнгө карата бардык реструктуризацияланган кредиттердин (мөөнөтү өтүп кеткен жана мөөнөтү өтө элек) суммасы көрсөтүлөт.»;

алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп мөөнөтү өтүп кеткен активдер» деп аталган 5-тилкеде мөөнөтүндө төлөнбөгөн карызы бар (негизги сумма жана/же анын пайыздары боюнча), активдердин (кредиттердин) баланстык калдыктарынын бардык суммасы чагылдырылат. 5-тилкенин мааниси 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12-тилкелердин маанилеринин суммасына барабар.»;

сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп чегербөө статусундагы кредиттер» деп аталган 13-тилкеде Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык, алар боюнча пайыздык кирешелерди чегербөө статусу ыйгарылган кредиттик карыз калдыгы көрсөтүлөт.»;

- 12.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«12.1. 7.А бөлүкчөсүндө тобокелдик деңгээли боюнча классификацияланууга тийиш болгон бардык активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер, ошондой эле алардын ордун жабуу үчүн түзүлгөн кам өлчөмү жөнүндө маалымат бардык валюталар боюнча камтылат. Ал эми 7.Б бөлүкчөсүндө тобокелдик деңгээли боюнча классификацияланууга тийиш болгон бардык активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер, ошондой эле алардын ордун жабууга түзүлгөн кам өлчөмү чет өлкө валютасында Улуттук банктын отчеттук күнгө карата эсептик курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.»;

- 12.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«12.2. «Кредит жана финансы-кредит уюмдары менен башка операциялар» деп аталган 1-статьяда кредиттер, репо-операциялар жана башка банктарда жана финансы-кредит уюмдарында кыска мөөнөткө жайгаштырылган каражаттар, башка банктардагы корреспонденттик жана депозиттик эсептердеги калдыктар көрсөтүлөт.

«Башка кардарларга кредиттер жана финансылык ижара» деп аталган 2-статьяда кардардын негизги иш багыты же бизнесинин түрү боюнча эмес, алынган каражаттар кандай максатка жумшала тургандыгына жараша экономиканын секторлору боюнча бөлүштүрүлүүгө тийиш. Активдердин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелердин бардык түрлөрү боюнча маалыматта тиешелүү дисконтту минуска чыгаруу менен отчеттук күнгө карата алардын наркы көрсөтүлөт (эгерде болсо).

«Бардыгы болуп» деп аталган 3-статьяда 1 жана 2-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

«Баалуу кагаздарга жана/же капиталга инвестициялар» деп аталган 4-статьяда инвестициялоочу компаниянын иш натыйжасын бөлүштүрүү формасында, банктын пайда

алуу максатында карыздык баалуу кагаздарга салымдары, ошондой эле акцияларды сатып алуусу же капиталга финансылык салымдары көрсөтүлөт.

«Активдин ордун жабууга кабыл алынган банктын башка менчиги» деп аталган 5-статьяда отчеттук күнгө карата РППУну эске алуусуз, милдеттенмелердин ордун жабуунун эсебинен банктын ээлигине өткөн кыймылсыз жана кыймылдуу активдер көрсөтүлөт.»;

- 12.4-пунктунун:

алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«8-тилкеде активдер боюнча жалпы РППУнун суммасы «нормалдуу», «канааттандырарлык» жана «байкоого алынган» катары көрсөтүлөт.»;

пункт төмөнкү мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

«12-тилкеде классификацияланган активдер боюнча атайын РППУнун суммасы «субстандарттык», «шектүү» жана «жоготуулар» катары көрсөтүлөт.»;

- 13-1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«13.1. «РППУнун эсебинен алынып салынган жана кайтарылган активдер жана балансдан тышкаркы милдеттенмелер (мурда эсептен алынып салынган) жөнүндө маалыматтар» деп аталган А. бөлүкчөдө учурдагы жылдын башынан тартып РППУнун эсебинен алынып салынган активдер, ошондой эле учурдагы жыл ичинде кайтарылган (мурда алынып салынган) активдер жөнүндө маалымат сом түрүндө (2, 4, 6-тилкелер) жана чет өлкө валютасы Улуттук банктын отчеттук күнгө карата эсептик курсу боюнча сом эквивалентинде (3, 5, 7-тилкелер) чагылдырылат.»;

- 13-2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«13.2. «Кредит жана финансы-кредит уюмдары менен башка операциялар» деп аталган 1-статьяда кредиттер, РЕПО-операциялар жана башка банктарда жана финансы-кредит уюмдарында кыска мөөнөткө жайгаштырылган каражаттар, башка банктардагы корреспонденттик жана депозиттик эсептердеги калдыктар көрсөтүлөт.

«Башка кардарларга кредиттер жана финансылык ижара» деп аталган 2-статьяда кардардын негизги иш багыты же бизнесинин түрү боюнча эмес, алынган каражаттар кандай максатта пайдаланыла тургандыгына жараша экономиканын секторлору боюнча бөлүштүрүлүүгө тийиш.

1 жана 2-статьяларда кредиттердин наркы амортизацияланбаган дисконт чоңдугун минуска чыгаруу менен РППУну эсептен чыгаруусуз көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» деп аталган 3-статьяда 1 жана 2-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

«Баалуу кагаздарга жана/же капиталга инвестициялар» деп аталган 4-статьяда инвестициялоочу компаниянын иш натыйжасын бөлүштүрүү формасында, банктын пайда алуу максатында карыздык баалуу кагаздарга салымдары, ошондой эле акцияларды сатып алуусу же капиталга финансылык салымдары көрсөтүлөт.

«Активдин ордун жабууга кабыл алынган банктын башка менчиги» деп аталган 5-статьяда отчеттук күнгө карата РППУну эске алуусуз, милдеттенмелердин ордун жабуунун эсебинен банктын ээлигине өткөн кыймылсыз жана кыймылдуу активдер көрсөтүлөт.

«Башка активдер» деп аталган 6-статьяда жогоруда көрсөтүлбөгөн, бирок учурдагы жылдын башталышынан тартып РППУнун эсебинен эсептен чыгарылган же учурдагы жыл ичинде кайтарылган (мурда эсептен чыгарылган) бардык активдер көрсөтүлөт.

«Классификациялануута тийиш болгон бардык активдер» деп аталган 7-статьяда 3, 4, 5 жана 6-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

«Балансдан тышкаркы милдеттенмелер» деп аталган 8-статьяда классификациялануута тийиш болгон бардык балансдан тышкаркы милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Классификациялануунга тийиш болгон бардык активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер» деп аталган 9-статьяда 7 жана 8-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

«Маалымат үчүн: системадан тышкаркы эсепте катталган, эсептен чыгарылган кредиттердин жалпы суммасы» деген сапта отчеттук күнгө карата системадан тышкаркы эсепте катталган, эсептен чыгарылган кредиттер көрсөтүлөт.»;

- 13.3-пунктунун экинчи жана үчүнчү абзацтары күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 13.5-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«13.5. «Кредиттерден айырмаланган активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер боюнча РППУга өзгөртүүлөр» деп аталган В бөлүкчөсү жана «Банктарга жана башка финансы-кредит уюмдарына кредиттер боюнча РППУдагы өзгөрүүлөр» деп аталган Г бөлүкчөсү бөлүкчөлөрдүн аталыштарына жараша төмөнкү активдердин тиешелүү түрлөрүн эске алуу менен 8Б бөлүкчөсүнө окшош толтурулат.»;

- 14.1-пунктунун экинчи сүйлөмү алынып салынсын;

- 14.3-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«14.3. «Кардардын аталышы» деп аталган тилкеде банк активдерин кайтарып берүү боюнча өзүнө милдеттенме алган ар бир кардардын – карыз алуучунун аты-жөнүн көрсөтүү зарыл.

Бул тилкеде карыз алуучунун аты-жөнү толук көрсөтүлүүгө тийиш: 1) юридикалык жактар үчүн – компаниянын мамлекеттик органдарда катталганы боюнча аталышы, 2) жеке адамдар үчүн – аты-жөнү толугу менен.

«Топ» тилкесинде бирдиктүү чогуу алгандагы карыз катары каралууга тийиш болгон кардарлар тобунун номери көрсөтүлөт. Мындай топтогу ар бир карыз өзүнчө сапта көрсөтүлүүгө тийиш. Мисалы, эгерде кайсы бир адам жеке кредит сыяктуу эле, анын компаниясына берилген кредитке ээ болсо, анда бул кредиттерге ири тобокелдиктерди аныктоо максатында топтун бир номери ыйгарылууга тийиш.

Мисалы: эгерде А жеке адамы жана ага байланыштуу эки компания аларды бириктиргенде ири тобокелдикти (бир топту) түзгөн үч кредитке ээ болсо, анда 1, 2 жана 3-кредитке 1-топтун номери ыйгарылат. Эгерде, кийинки ири кредит өзүнчө башка кардарга берилген болсо, анда бул кредитке 2-топтун номери ыйгарылат.

Бул мындайча көрсөтүлөт:

Кардардын аталышы Топтун номери

А жеке адам 1

А жеке адамдын компаниясы 1

А жеке адамдын компаниясы 1

Б жеке адам 2.

«Кредиттер жана финансылык ижара» тилкесинде карыз алуучунун кредиттери жана финансылык ижарасы боюнча карыз калдыгы көрсөтүлөт.

«Пайыздык чен» тилкесинде кредиттин же финансылык ижаранын номиналдык пайыздык чени келишимге ылайык көрсөтүлөт.

«Башка активдер» тилкесинде, «Кредиттер жана финансылык ижара» тилкесинде көрсөтүлгөн карыздан тышкары, жеке адамдын жана юридикалык жактын банк алдында кандай болбосун башка карызы көрсөтүлөт (эсептелинген пайыздар, дебитордук карыз ж.б.)».

«Пайыздык чен» тилкесинде башка активдердин номиналдык пайыздык чени көрсөтүлөт.

«Баланстан тышкаркы милдеттенмелер» тилкесинде кредиттерди берүү, гарантияларды, аккредитивдерди сунуштоо, валюталык операциялар, активдерди сатып алуу боюнча милдеттенмелердин суммасы жана башка шарттуу милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» тилкесинде «Кредиттер жана финансылык ижара», «Башка активдер» жана «Балanстан тышкаркы милдеттенмелер» тилкелеринин суммасы кошулуп көрсөтүлөт (4, 6, 8-тилкелердин суммасы).

«Классификациялоо категориясы» тилкесинде активдерди жана балансτан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо категориялары, ошондой эле РППУ түзүү өлчөмү пайыз түрүндө көрсөтүлөт.

«Мөөнөтү өткөрүлгөн карыз (күндөрдүн саны)» тилкесинде 4 жана 6-тилкелердеги мөөнөтү өткөрүлгөн карыз күндөрүнүн саны көрсөтүлөт.

«Банк ээлик кылган компаниянын финансылык катышуу (акциялар) үлүшү» тилкесинде банктын компаниянын капиталында катышуу үлүшү пайыздык катышта көрсөтүлөт.

«Компания же жеке адам ээлик кылган банктын акцияларынын үлүшү» тилкесинде компаниянын же жеке адамдын банктын капиталына катышуу үлүшү пайыздык катышта көрсөтүлөт.

«Бардык ири тобокелдиктердин жалпы суммасы» сабында 9-тилкедеги бардык суммалар кошулат.

«Бир карыз алуучуга карата эң ири карыз» сабында бир карыз алуучунун же байланыштуу карыз алуучулар тобунун ири жыйынды карызы көрсөтүлөт.

«Маалымат үчүн: карыз алуучулардын жалпы саны» сабында отчеттук күнгө карата карыз алуучулардын саны көрсөтүлөт.»;

- 14.4-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«14.4. А-1-бөлүкчө. 15 ири каржылоо булагы, анын ичинде ФКУ жана мамлекеттик мекемелер (Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду ж.б.) боюнча маалымат.

Бул бөлүкчөдө 15 ири каржылоо булагы, анын ичинде ФКУ жана мамлекеттик мекемелер жөнүндө маалымат чагылдырылат (кредит боюнча камсыздоо болуп саналган депозиттер бул таблицага камтылбайт).

«Аманатчынын/кредитордун аты-жөнү (аталышы)» деген тилкеде ар бир аманатчынын/кредитордун аты-жөнү (толук аталышы) чагылдырылат.

«Аманатчынын/кредитордун ИННи» тилкесинде аманатчынын/кредитордун каттоо (идентификациялык) салык номери көрсөтүлөт. Эгер ИННи бар болсо резидент эмес үчүн, жок болгон учурда – жеке жактарга жарандын ким экендигин тастыктаган документинин (паспортунун) номери, юридикалык жактар үчүн соода реестринен каттоодон (кайра каттоодон) өткөн катталган номери.

«Каржылоо/депозит суммасы» тилкесинде улуттук валютада суммалар төмөнкүлөргө бөлүштүрүү менен көрсөтүлөт:

- кредит;
- эсептешүү эсеби;
- мөөнөттүү депозит;
- талап боюнча төлөнүүчү депозит.

«Валюта» тилкесинде каржылоо/депозит валютасынын тамга түрүндө коду көрсөтүлөт.

«Үстөк баа» тилкесинде келишим боюнча каржылоонун/депозиттин пайыздык чени көрсөтүлөт.

«Келишим түзүлгөн күн» тилкесинде банк аманатчы/кредитор менен келишим түзгөн күн «күн/ай/жыл» форматында (мисалы, 01.02.2016) көрсөтүлөт.

«Келишим аяктаган күн» тилкесинде банк аманатчы/кредитор менен түзгөн келишимдин мөөнөтү аяктоочу күн «күн/ай/жыл» форматында (мисалы, 01.02.2016) көрсөтүлөт.

«Эскертүүлөр (милдеттерди жүктөө ж.б)» тилкесинде кошумча маалымат, мисалы, милдеттерди жүктөө, атайы тарифтер көрсөтүлөт.»;

- 14.4-1-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«14.4-1. Б. бөлүкчөсү. «Банк-корреспонденттер жөнүндө маалымат»

Бул бөлүкчөдө банк ал менен корреспонденттик мамиледе иш алып барган банктар жана финансы-кредит уюмдары жөнүндө маалымат көрсөтүлөт. Алгач аларда банктын ностро эсептери, андан кийин лоро эсептери боюнча банк-корреспонденттер келтирилет.

«Банктын 11 белгиден турган SWIFT-коду/Идентификациялоо коду (банк эмес уюмдар үчүн)» тилкесинде банктын же финансы-кредит уюмунун идентификациялоо коду (BIC – Business Identifier Codes) көрсөтүлөт.

«Банктын аталышы/Юридикалык жактын аталышы (банк эмес уюмдар үчүн)» тилкесинде банктын же финансы-кредит уюмунун аталышы көрсөтүлөт.

«Топ» тилкесинде бирдиктүү банктык топ катары каралууга тийиш болгон банк/финансы-кредит уюму тобунун номери көрсөтүлөт. Ар бир топ өзүнчө топто көрсөтүлүүгө тийиш. Мисалы, эгерде банк жана финансы-кредит уюму бир топто катталса, ири тобокелдиктерди аныктоо максатында топтун бир номери ыйгарылууга тийиш.

«Өлкөгө таандыгы» тилкесинде банк-корреспондент жайгашкан өлкө көрсөтүлөт.

«Рейтингдик агенттиктин аталышы» тилкесинде банк-корреспондентке рейтинг ыйгарган рейтингдик компаниянын аталышы көрсөтүлөт.

«Ыйгарылган рейтинг (эгер болсо)» тилкесинде рейтингдик агенттик тарабынан ыйгарылган банк-корреспонденттин актуалдуу узак мөөнөттүү кредиттик рейтинги көрсөтүлөт. Эгерде акыркы жылда банк-корреспондент эки же андан көп рейтингге ээ болсо, эң кичине рейтинги көрсөтүлөт.

«Рейтинг ыйгарылган күн» тилкесинде банк-корреспондентке рейтинг ыйгарылган күн көрсөтүлөт.

«Валюта» тилкесинде корреспонденттик эсеп валютасынын тамга түрүндө коду көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» тилкесинде отчеттук күнгө карата корреспонденттик эсептин калдык суммасы көрсөтүлөт. «Валюта номиналында» тилкесинде анда корреспонденттик эсеп ачылган валютада калдык сумма, ал эми «сом түрүндө» тилкесинде корреспонденттик эсептин калдык суммасы Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде чагылдырылат.

«РППУ» тилкесинде корреспонденттик эсептер үчүн түзүлгөн РППУ суммасы көрсөтүлөт. «Валюта номиналында» тилкесинде РППУнун калдык суммасы чет өлкө валютасында, ал эми «сом түрүндө» тилкесинде РППУнун калдык суммасы Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.»;

- «14. 9-бөлүк. Ири тобокелдиктер жөнүндө маалымат» бөлүмү төмөнкү мазмундагы 14.4-2-пункт менен толукталсын:

«14.4-2. 9Б-1 бөлүкчө. «Банктарда депозиттик эсептерде жайгаштырылган каражаттар боюнча маалыматтар».

Бул бөлүкчөдө, Улуттук банкта жайгаштырылган депозиттерден тышкары, отчеттук күнгө карата банк-резиденттердеги жана резидент эместердеги депозиттик эсептерде жайгаштырылган каражаттар боюнча маалымат чагылдырылат.

«Банктын аталышы» тилкесинде депозиттик эсептер жайгаштырылган банктын аталышы көрсөтүлөт.

«Өлкөгө таандыгы» тилкесинде банк-корреспондент жайгашкан өлкө көрсөтүлөт.

«Рейтингдик агенттиктин аталышы» тилкесинде банк-корреспондентке рейтинг ыйгарган рейтингдик компаниянын аталышы көрсөтүлөт.

«Ыйгарылган рейтинг» тилкесинде рейтингдик агенттик тарабынан ыйгарылган банк-корреспонденттин актуалдуу узак мөөнөттүү кредиттик рейтинги көрсөтүлөт. Эгерде акыркы жылда банк-корреспондент эки жана андан көп рейтингге ээ болсо, эң кичине рейтинги көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп сумма» тилкесинде жайгаштырылган депозиттердин жалпы суммасы Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.

«Валюта» тилкесинде жайгаштырылган депозит валютасынын тамга түрүндө коду көрсөтүлөт.

«Номиналы» тилкесинде банк-корреспондентте ошол валютада эсеп ачылган депозит суммасы көрсөтүлөт.

«Сом түрүндө» тилкесинде депозит суммасы Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.

«Келишим түзүлгөн күн» тилкесинде келишимге ылайык депозит жайгаштырыла баштаган күн «күн/ай/жыл» форматында (мисалы, 01.02.2020) көрсөтүлөт.

«Келишим аяктаган күн» тилкесинде келишимге ылайык депозит мөөнөтү аяктаган күн «күн/ай/жыл» форматында (мисалы, 01.02.2020) көрсөтүлөт.

«Пайыздык чен/киреше ченеми» тилкесинде банк киреше алып жаткан депозиттин пайыздык чени же башка шарттар көрсөтүлөт.

«К1.3 ченемин (көрсөткүчүн) эсептөөдө камтылуучу депозиттер» тилкесинде К1.3 ченемин (көрсөткүчүн) эсептөөдө камтылуучу депозит суммасы Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.

«К1.4 ченемин (көрсөткүчүн) эсептөөдө камтылуучу депозиттер» тилкесинде К1.4 ченемин (көрсөткүчүн) эсептөөдө камтылуучу депозит суммасы Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.»;

- 14.5-пунктунун:

«графада» деген сөзү «тилкеде» деген сөзгө алмаштырылсын;

үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Компаниянын түрү (брокер/дилер/депозитарий)» деп аталган 2-тилкеде банк операцияларды же бүтүмдөрдү жүргүзгөн компаниянын, башкача айтканда брокер, дилер же депозитарийдин негизги иши көрсөтүлөт.»;

жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Ыйгарылган рейтинг» деп аталган 6-тилкеде рейтингдик агенттик тарабынан компанияга ыйгарылган узак мөөнөттүү кредиттик жөндөмдүүлүгүнүн рейтинги көрсөтүлөт.»;

- 14.6-пунктунун «графада» деген сөзү «тилкеде» деген сөзгө алмаштырылсын;

- 14.7-пунктунун:

«графада» деген сөзү «тилкеде» деген сөзгө алмаштырылсын;

бешинчи абзацы төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Эмитенттин расмий тилинде расмий аталышы жок болсо, ал англис тилинде көрсөтүлөт.»;

он жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«РППУну классификациялоо» деп аталган 16-тилкеде классификациялоо категориясына дал келген, Улуттук банктын талаптарына ылайык баалуу кагаздын наркынан пайыздарда туюндурулган (мисалы, 5%, 25% ж.б.) баалуу кагаз боюнча РППУга чегерүүлөрдүн өлчөмү чагылдырылат.».

- 14.8-пунктунун:

«графада» деген сөзү «тилкеде» деген сөзгө алмаштырылсын;

бешинчи абзац төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Эмитенттин расмий тилинде расмий аталышы жок болсо, ал англис тилинде көрсөтүлөт.»;

- 15.1, 15.2 жана 15.3-пунктулары төмөнкү редакцияда берилсин:

«15.1. «Аффилирленген жактар менен активдүү операциялар жөнүндө кыскача маалымат» деп аталган А бөлүкчөсүндө кредиттер жана банктын аффилирленген жактар менен башка активдүү операциялары жөнүндө маалымат Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.

«Компаниянын аталышы» тилкесинде банк ага кредит, башка актив сунуштаган жана/же ошол аффилирленген жак алдында шарттуу милдеттенмелерге ээ аффилирленген жактын аталышы көрсөтүлөт.

«Топ» тилкесинде жыйынды карызы каралууга тийиш болгон жактар тобунун номери көрсөтүлөт. Ар бир топ өзүнчө сапта көрсөтүлүүгө тийиш. Мисалы, аффилирленген жактар бир топко кирсе, ири тобокелдиктерди аныктоо максатында аларга бир номер ыйгарылууга тийиш.

«Кредит жана финансылык ижара» тилкесинде банктын аффилирленген жагынын кредиттери жана финансылык ижарасы боюнча карыз калдыгы көрсөтүлөт.

«Пайыздык чен» тилкесинде кредиттин же финансылык ижаранын номиналдык пайыздык чени келишимге ылайык көрсөтүлөт.

«Башка активдер» тилкесинде «Кредиттер жана финансылык ижара» тилкесинде көрсөтүлгөн карызды эске албаганда, аффилирленген жактардын банк алдында кайсыл болбосун башка карыздары (эсептелген пайыздар, дебитордук карыз ж.б.) көрсөтүлөт.

«Пайыздык чен» тилкесинде башка активдердин номиналдык пайыздык чени көрсөтүлөт.

«Балансстан тышкаркы милдеттенмелер» тилкесинде кредиттерди берүү боюнча милдеттенмелердин суммасы, гарантиялар, аккредитивдер, валюталык операцияларды жүргүзүүлөр, активдерди жана башка шарттуу милдеттенмелерди сатып алуу боюнча милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Бардыгы» тилкесинде «Кредиттер жана финансылык ижара», «Башка активдер» жана «Балансстан тышкаркы милдеттенмелер» тилкелеринин суммасы кошулат (4, 6, 8-тилкелердин суммасы).

«Классификациялоо категориялары» тилкесинде РППУ түзүү өлчөмү менен активдерди/балансстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо категориясы көрсөтүлөт (мисалы, 2% канааттандырарлык).

«Мөөнөтү өткөрүлгөн активдер» тилкесинде 4 жана 6-тилкелердеги мөөнөтү өткөрүлгөн активдердин күндөрүнүн саны көрсөтүлөт.

«Банк ээлик кылган аффилирленген жактын финансылык катышуу үлүшү (акциялары)» тилкесинде 2-тилкеде көрсөтүлгөн, банк ээлик кылган аффилирленген жактын уставдык капиталында катышуу үлүшү пайыздык катышта көрсөтүлөт.

«Аффилирленген жак ээлик кылган банктын финансылык катышуу үлүшү (акциялары)» тилкесинде 2-тилкеде көрсөтүлгөн, аффилирленген жак ээлик кылган банктын уставдык капиталында катышуу үлүшү пайыздык катышта көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп аффилирленген жактар менен операциялар» сабында 9-тилкедеги бардык суммалар кошулат.

«Бир аффилирленген жакка эң ири карыз» сабында отчеттук күнгө карата бир аффилирленген жакка же байланыштуу аффилирленген жактар тобуна тобокелдиктин максималдуу өлчөмү көрсөтүлөт.

15.2. «Аффилирленген жактар менен операциялар жөнүндө жалпы маалымат» деп аталган Б бөлүкчөсүндө отчеттук мезгил ичинде ишке ашырылган жана/же аягына чыгарылган операцияларды кошо алганда, банктын аффилирленген жактар менен операциялары жөнүндө маалымат, ошондой эле отчеттук күнгө карата операциялар көрсөтүлөт. Отчеттук мезгил ичинде ар бир операция өзүнчө чагылдырылат.

Бул бөлүкчөдө операцияларды көрсөтүүдө өзүндө тобокелдикти камтыбаган төмөнкү операциялардан/бүтүмдөрдөн тышкары, банк менен аффилирленген жактар менен ишке ашырылган бардык операциялар көрсөтүлөт:

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, байланыш операторлорунун кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөө;

- овердрафт/кредиттик лимит боюнча операциялардан тышкары, төлөм карттары жана корпоративдик карттар боюнча (юридикалык жактардын/жеке ишкерлердин операциялары үчүн) операциялар;

- кассалык тейлөө боюнча операциялар;

- коммерциялык жол чектерин сатып алуу/сатуу;

- сейфтик операциялар;

- мамлекеттик баалуу кагаздар менен операциялар;

- мамлекеттик бюджетке салык жана жыйым боюнча төлөөлөр.

«Аффилирленген жактын аталышы» тилкесинде банктын аффилирленген жагы болуп саналган аффилирленген жактын аталышы (компаниянын аталышы/аты-жөнү) көрсөтүлөт.

«Операциялар суммасы» тилкесинде банктын аффилирленген жак менен операцияларынын суммасы отчеттук күнгө карата Улуттук банктын расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.

«Операция түрү» тилкесинде банктын аффилирленген жак менен операциянын түрү көрсөтүлөт (мисалы, кредит, гарантия, активди сатуу/сатып алуу, кызмат көрсөтүүлөр ж.б.).

«Операция башталган күн» тилкесинде банктын операция жүргүзгөн күнү «күн/ай/жыл» форматында көрсөтүлөт.

«Операцияны аяктоо мөөнөтү жана күнү» тилкесинде операция аяктаган күн «күн/ай/жыл» форматындагы мөөнөттө көрсөтүлөт.

«Пайыздык чен, %» тилкесинде келишимге ылайык бүтүмдүн номиналдык пайыздык чени көрсөтүлөт.

«Кредитке карата күрөө» тилкесинде күрөө түрү көрсөтүлөт.

«Күрөө ээси» тилкесинде күрөө ээсинин аталышы көрсөтүлөт.

«Операцияны ишке ашыруу шарттары» тилкесинде сый акы өлчөмү жана операциянын негизги шарттары көрсөтүлөт.

«Эскертүү» тилкесинде аффилирленген жактын банктын капиталында катышуу үлүшү же тескерисинче банктын аффилирленген жактын капиталында катышуу үлүшү (мисалы, 1. Банктын туунду компаниясы, 2. Банктын акцияларынын 10% жана андан көп пайызына ээ компания) жана аффилирленген жактар менен операциялар жөнүндө кошумча маалымат чагылдырылат.

15.3. «Банктын аффилирленген жактары жөнүндө маалымат» деп аталган В бөлүкчөсүндө банктын бардык аффилирленген жактары жөнүндө маалымат көрсөтүлөт.

«Аффилирленген жактын аталышы» тилкесинде банктын аффилирленген жагы болуп саналган аффилирленген жактын аталышы (компаниянын аталышы/аты-жөнү) көрсөтүлөт.

«Аффилирленген жактын банкка катыштыгынын мүнөзү» тилкесинде банктын аффилирленген жак менен катыштыгы жөнүндө маалымат көрсөтүлөт (мисалы, холдингдик компания, туунду компания ж.б.).

«Банкка карата катышына жараша акцияларга/үлүштөргө ээлик кылуу пайызы» тилкесинде банктын аффилирленген жактын капиталында катышуу үлүшү же аффилирленген жактын банктын капиталында катышуу үлүшү пайыздык катышта көрсөтүлөт.

«Аффилирленген жактын аталышы/негизги ишкердиги» тилкесинде аффилирленген жактын негизги иши көрсөтүлөт.

«Эскертүүлөр» тилкесинде аффилирленген жактар жөнүндө кошумча маалымат чагылдырылат.»;

- 16.1., 16.2., 16.3. жана 16.4-пункттулары төмөнкү редакцияда берилсин:

«16.1. «Банк менен байланыштуу жактар менен активдүү операциялар жөнүндө кыскача маалымат» деп аталган А бөлүкчөсүндө кредиттер жана аларга

теңдештирилген банк менен байланыштуу жактар менен активдүү операциялар жөнүндө маалымат отчеттук күнгө карата Улуттук банктын расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.

16.2. «Банк менен байланыштуу жактын аталышы» тилкесинде банктан актив алган банк менен байланыштуу жактын толук аталышы көрсөтүлөт.

«Топ» тилкесинде жыйынды карызы каралууга тийиш болгон жактар тобунун номери көрсөтүлөт. Ар бир топ өзүнчө сапта көрсөтүлүүгө тийиш. Мисалы, аффилирленген жактар бир топко кирсе, ири тобокелдиктерди аныктоо максатында аларга бир номер ыйгарылууга тийиш.

«Кредит жана финансылык ижара» тилкесинде банк менен байланыштуу жактын кредиттери жана финансылык ижарасы боюнча карыз калдыгы көрсөтүлөт.

«Пайыздык чен» тилкесинде кредиттин же финансылык ижаранын номиналдык пайыздык чени келишимге ылайык көрсөтүлөт.

«Башка активдер» тилкесинде «Кредиттер жана финансылык ижара» тилкесинде көрсөтүлгөн карызды эске албаганда, банк менен байланыштуу жактын банк алдында кайсыл болбосун башка карыздары (эсептелген пайыздар, дебитордук карыз ж.б.) көрсөтүлөт.

«Пайыздык чен» тилкесинде башка активдердин номиналдык пайыздык чени көрсөтүлөт.

«Балансатан тышкаркы милдеттенмелер» тилкесинде кредиттерди берүү боюнча милдеттенмелердин суммасы, гарантиялар, аккредитивдер, валюталык операцияларды жүргүзүүлөр, активдерди жана башка шарттуу милдеттенмелерди сатып алуу боюнча милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Бардыгы» тилкесинде «Кредиттер жана финансылык ижара», «Башка активдер» жана «Балансатан тышкаркы милдеттенмелер» тилкелеринин суммасы кошулат (4, 6, 8-тилкелердин суммасы).

«Классификациялоо категориялары» тилкесинде РППУ түзүү өлчөмү менен активдерди/балансатан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо категориясы көрсөтүлөт (мисалы, 2% канааттандырарлык).

«Мөөнөтү өткөрүлгөн активдер» тилкесинде 4 жана 6-тилкелердеги мөөнөтү өткөн активдердин күндөрүнүн саны көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп банк менен байланыштуу жак менен операциялар» сабында 9-тилкедеги бардык суммалар кошулат.

«Банк менен байланыштуу болгон жактын бирине эң ири карыз» сабында отчеттук күнгө карата банк менен байланыштуу бир карыз алуучуга же байланыштуу карыз алуучулардын тобуна тобокелдиктин максималдуу өлчөмү көрсөтүлөт.

16.3. «Банк менен байланыштуу жактар менен операциялар жөнүндө жалпы маалымат» деп аталган Б бөлүкчөсүндө отчеттук мезгил ичинде ишке ашырылган жана/же аягына чыгарылган операцияларды кошо алганда, банк менен байланыштуу жактар менен операциялар жөнүндө маалымат, ошондой эле отчеттук күнгө карата активдүү операциялар көрсөтүлөт. Отчеттук мезгил аралыгында ар бир операция өзүнчө көрсөтүлөт.

Бул бөлүкчөдө операцияларды көрсөтүүдө өзүндө тобокелдикти камтыбаган төмөнкү операциялардан/бүтүмдөрдөн тышкары, банк менен байланыштуу жактар менен ишке ашырылган бардык операциялар көрсөтүлөт:

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, байланыш операторлорунун кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөө;
- овердрафт/кредиттик лимит боюнча операциялардан тышкары, төлөм карттары жана корпоративдик карттар боюнча (юридикалык жактар жана жеке ишкерлердин операциялары үчүн) операциялар;
- кассалык тейлөө боюнча операциялар;
- коммерциялык жол чектерин сатып алуу/сатуу;
- сейфтик операциялар;

- мамлекеттик баалуу кагаздар менен операциялар;

- мамлекеттик бюджетке салык жана жыйым боюнча төлөөлөр.

«Банк менен байланыштуу жактын аты-жөнү» тилкесинде банк менен байланыштуу жактын аты-жөнү көрсөтүлөт.

«Операциялар суммасы» тилкесинде банктын байланыштуу жак менен ар бир операциясынын суммасы отчеттук күнгө карата Улуттук банктын расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.

«Операция түрү» тилкесинде банктын байланыштуу жак менен операциянын түрү көрсөтүлөт (мисалы, кредит, гарантия, активди сатуу/сатып алуу, кызмат көрсөтүүлөр ж.б.).

«Операция башталган күн» тилкесинде банктын операция жүргүзгөн күнү «күн/ай/жыл» форматында көрсөтүлөт.

«Операцияны аяктоо мөөнөтү жана күнү» тилкесинде операция аяктаган күн «күн/ай/жыл» форматындагы мөөнөттө көрсөтүлөт.

«Пайыздык чен, %» тилкесинде келишимге ылайык бүтүмдүн номиналдык пайыздык чени көрсөтүлөт.

«Кредитке карата күрөө» тилкесинде күрөө түрү көрсөтүлөт.

«Күрөө ээси» тилкесинде күрөө ээсинин аталышы көрсөтүлөт.

«Операцияны ишке ашыруу шарттары» тилкесинде сый акы өлчөмү жана операциянын негизги шарттары көрсөтүлөт.

«Эскертүү» тилкесинде банктын байланыштуу жак менен катыштыгынын мүнөзү жөнүндө маалымат көрсөтүлөт (мисалы, 1. Банк Башкармасынын төрагасы, 2. Банк Башкармасынын төрагасынын агасы, 3. X компаниясы, Банк Башкармасынын төрагасынын атасы, X компаниясынын акцияларынын 50%ына ээлик кылат, 4. Банктын акцияларынын 10% жана андан жогору пайызына ээлик кылуучулар).

Эгерде бул бөлүкчөдө байланыштуу жактын депозиттик операциялары чагылдырылса, «Операцияны ишке ашыруу шарттары» тилкесинде депозит валютасынын сан түрүндө коду, ал эми «Эскертүү» тилкесинде пайыздарды төлөө шарттары жана пайыздарды капиталдаштыруу (эгер болсо) жөнүндө маалыматты көрсөтүү зарыл.

16.4. «Банктын кызмат адамдарынын жакын туугандары жөнүндө маалымат» деп аталган В бөлүкчөсүндө банктын кызмат адамдарынын жакын туугандары (атасы, апасы, агасы, эжеси, жубайы/жолдошу, балдары) жөнүндө кеңири маалымат чагылдырылат.

«Банктын кызмат адамынын аты-жөнү» тилкесинде банктын кызмат адамынын толук аты-жөнү көрсөтүлөт.

«Банкта ээлеген кызмат орду» тилкесинде кызмат адамынын банкта ээлеген орду көрсөтүлөт.

«Тууганынын аты-жөнү» тилкесинде банктын кызмат адамынын жакын тууганынын толук аталышы көрсөтүлөт.

«Туугандык жакындыгы (ата-энеси, жубайы/жолдошу ж.б.)» тилкесинде банктын кызмат адамы менен туугандык мамилеси көрсөтүлөт.»;

- «16. 11-бөлүк. Банк менен байланыштуу жактар жөнүндө маалымат» бөлүмү төмөнкү мазмундагы 16.5 жана 16.6-пунктулары менен толукталсын:

«16.5. «Башка байланыштуу жактар жөнүндө маалымат» деп аталган Г бөлүкчөсүндө 11В бөлүкчөсүндө көрсөтүлгөн адамдардан тышкары, банк менен байланыштуу башка жактар жөнүндө маалымат көрсөтүлөт.

«Банктын кызмат адамынын аты-жөнү» тилкесинде банктын кызмат адамынын толук аты-жөнү көрсөтүлөт.

«Банкта ээлеген кызмат орду» тилкесинде кызмат адамынын банкта ээлеген орду көрсөтүлөт.

«Банк менен байланыштуу адамдын аты-жөнү» тилкесинде банк менен байланыштуу жактын толук аты-жөнү көрсөтүлөт.

«Байланыштуулугун көрсөтүү» тилкесинде адамдын банктын кызмат адамы менен байланыштуулугу көрсөтүлөт.

16.6. «Банктын кызмат адамдары жана алардын жакын туугандары же башка байланыштуу жактар аларда контролдоо укугуна ээ юридикалык жактар жөнүндө маалымат» деп аталган Д бөлүкчөсүндө кызмат адамдары же алардын жакын туугандары, же башка байланыштуу жактар аларда контролдоого катышкан юридикалык жактар жөнүндө маалымат чагылдырылат.

«Банктын кызмат адамынын аты-жөнү» тилкесинде банктын кызмат адамынын толук аты көрсөтүлөт.

«Банкта ээлеген кызмат орду» тилкесинде кызмат адамынын кызмат орду көрсөтүлөт.

«Юридикалык жактын аталышы/негизги иши» тилкесинде кызмат адамдары же алардын жакын туугандары, же башка байланыштуу жактар аларда контролдоого катышкан юридикалык жактын толук аталышы көрсөтүлөт.

«Банктын кызмат адамдарына карата катышы жана юридикалык жактын акцияларына ээлик кылуу (%) үлүшү» тилкесинде көрсөтүлгөн адамдын банктын кызмат адамына карата катышы жана юридикалык жактын акцияларына ээлик кылуу үлүшү пайыздык катышта көрсөтүлөт.»;

- 17-главанын:

«17. 12-бөлүк. Банктын активдеринин жана милдеттенмелеринин пайыздык чендердин жана активдерди/милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрүнүн өзгөрүшүнө дуушарлануусуна талдап-иликтөөлөр» бөлүктүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«17. 12-бөлүк. Банк портфелинин экономикалык наркынын пайыздык чен тобокелдигине дуушарлануу деңгээлин аныктоо жана активдердин/милдеттенмелердин ордун жабуу мөөнөттөрү»;

17.1, 17.2., 17.3., 17.4., 17.5., 17.6.-пунктулары төмөнкү редакцияда берилсин:

«17.1. «Банк портфелинин экономикалык наркынын пайыздык чен тобокелдигине дуушарлануу деңгээлин аныктоо» деп аталган А. бөлүкчөсү пайыздык чен тобокелдигинин ордун жабуу үчүн зарыл капитал өлчөмүн баалоо максатында банк портфелинин пайыздык тобокелдик чоңдугун өлчөө үчүн колдонулат.

17.2. Банк портфелине кирген активдерди жана милдеттенмелерди аныктоодо, активдерди жана милдеттенмелерди убакыт диапазону боюнча бөлүштүрүүдө, ошондой эле салмактанган позицияларды жана банк портфелинин экономикалык наркынын пайыздык ченинин өзгөрүүсүнө дуушарлануу коэффициентин эсептөөдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензияланган коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында рыноктук тобокелдикти жөнгө салуу боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого карата 1-тиркемеге таянуу зарыл.

17.3. Баланстык жана баланстан тышкаркы эсептер боюнча таза позиция, анын ичинде ар бир маанилүү валюта жеке негизде жана улуттук валюта эквивалентинде туюндурулган башка валюталар боюнча жыйынтыкталган негизде ар бир убакыт диапазону үчүн улуттук валютада эсептелет.

17.4. Толук жөнгө салынбаган тобокелдикти өзүндө камтыган активдер бул бөлүктө РППУну алып салуусуз көрсөтүлөт.

17.5. 10 жана 21-саптарда (ар бир валюта боюнча) аларга пайыздык чендердин өзгөрүүсү таасирин тийгизген, бул бөлүкчөнүн башка статьяларына кирбеген бардык башка активдер жана милдеттенмелер чагылдырылат. Баланстан тышкаркы статьялар «+» же «-» белгисинде операциянын мүнөзүнө жараша көрсөтүлөт.

17.6. 23-сап (ар бир валюта боюнча) 11 жана 22-саптар ортосунда айырма катары эсептелет, 35-сап ар бир убакыт диапазону үчүн 24-34-саптардын суммасы катары эсептелинет, мында талаптар «-» белгисинде чагылдырылат.

36-сап 23 жана 35 саптардын суммасы катары (ар бир валюта боюнча) ар бир убакыт диапазону үчүн эсептелет.

Чет өлкө валютасында маалыматтар Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт.»;

17.10., 17.11. жана 17.12-пунктулары төмөнкү редакцияда берилсин:

«17.10. Статьяларда сумма бардык валюталарда Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий валюта курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт. Мындан ары «анын ичинде чет өлкө валютасында» статьясында чет өлкө валютасындагы статьянын суммасы сом эквивалентинде көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп жана депозиттер» деген 1-сапта Улуттук банктагы корреспонденттик эсепте, депозиттик эсепте жана башка эсептерде жайгаштырылган каражаттар көрсөтүлөт.

«Башка банктардагы корреспонденттик эсептер» деген 2-сапта башка банктардагы корреспонденттик эсептерде жайгаштырылган каражаттар көрсөтүлөт.

«Башка банктардагы депозиттер» деген 3-сапта башка банктарда жана финансы-кредит уюмдарында жайгаштырылган депозиттер көрсөтүлөт.

«Банктын баалуу кагаздары» деген 4-сапта баалуу кагаздарга инвестициялар көрсөтүлөт.

«Банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар» деген 5-сапта аларда банк кредитор катары иш алып барган камсыздалган жана камсыздалбаган банктар аралык жайгаштыруулар (30 күнгө чейин) суммасы көрсөтүлөт.

«Репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар» деген 6-сапта репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар көрсөтүлөт.

«Финансы-кредит уюмдарына кредит жана финансылык ижара» деген 7-сапта башка банктарга жана финансы-кредит уюмдарына кредиттер жана финансылык ижара көрсөтүлөт.

«Кардарларга кредиттер жана финансылык ижара» деген 8-сапта юридикалык жактарга жана жеке адамдарга кредиттер жана финансылык ижара көрсөтүлөт.

9-сапта бул бөлүктүн башка статьяларына кирбеген бардык башка активдер төлөө мөөнөттөрүнө жараша көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп активдер» деген 10-сапта 1 жана 9-саптардын суммасы көрсөтүлөт.

17.11. «Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деген 11-сапта юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин эсептешүү эсептери жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттери көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын депозиттери» деген 12-сапта сактоо сертификаттарын жана жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсептерин кошо алганда, жеке адамдардын бардык депозиттери көрсөтүлөт.

«Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери» деген 13-сапта депозиттик сертификаттарды кошо алганда, юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин мөөнөттүү депозиттери көрсөтүлөт.

«Корреспонденттик эсептер» деген 14-сапта банк-корреспонденттердин каражаттары көрсөтүлөт.

«Банктардын депозиттери» деген 15-сапта башка банктардын депозиттери көрсөтүлөт.

«Банктардан жана финансы-кредит уюмдарынан алынган кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар» деген 16-сапта банктардан жана финансы-кредит уюмдарынан алынган кыска мөөнөттүү банктар аралык жайгаштыруулар (30 күнгө чейин) көрсөтүлөт.

«Репо-келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар» деген 17-сапта РЕПО-келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар көрсөтүлөт.

«Банк тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар» деген 18-сапта банк тарабынан чыгарылган карыздык баалуу кагаздар көрсөтүлөт.

«Банктардан алынган кредиттер» деген 19-сапта банк башка банктардан алган кредиттер көрсөтүлөт.

«Башка финансы-кредит уюмдарынан алынган кредиттер, анын ичинде эл аралык кредиттер» деген 20-сапта башка финансы-кредит уюмдарынан жана эл аралык финансылык уюмдардан алынган кредиттер көрсөтүлөт.

«Субординацияланган карыз» деген 21-сапта күрөө менен камсыздалбаган, кредиторлордун талабы боюнча мөөнөтүнөн мурда орду жабылууга тийиш болбогон жана банк жоюлган шартта ал боюнча талаптар кредиторлор жана аманатчылар тарабынан бардык талаптар канааттандырылгандан кийин, бирок банк акционерлери менен эсептешүүгө чейин акыркы кезекте канааттандырылуучу милдет көрсөтүлөт.

«Бийлик органдарынын депозиттери» деген 22-сапта бийлик органдарынын бардык тартылган депозиттери көрсөтүлөт.

«Бийлик органдарынын кредиттери» деген 23-сапта бийлик органдарынан алынган кредиттер көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы алдында милдеттенмелер» деген 24-сапта банктын Улуттук банк алдында милдеттенмелери көрсөтүлөт.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери» деген 25-сапта башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери көрсөтүлөт.

«Башка милдеттенмелер» деген 26-сапта бул бөлүктүн статьяларында көрсөтүлбөгөн милдеттенмелер төлөө мөөнөттөрүнө ылайык чагылдырылат.

«Бардыгы болуп милдеттенмелер» деген 27-сапта 11-26-саптардагы суммалар көрсөтүлөт.

17.12. 28 жана 29-саптар ар бир мезгил үчүн өз-өзүнчө автоматтык түрдө эсептелет.»;

- 18-главанын «Суммалар боюнча бөлүү менен депозиттер» деп аталган 13-бөлүгүнүн:

18.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«18.1. Маалыматтар Бишкек шаары жана республиканын областтары боюнча, ошондой эле отчеттук формада сом эквивалентинде аныкталган депозит суммасына жараша берилет. Областтар боюнча маалыматтар суммардык негизде берилет. Чет өлкө валютасындагы депозиттер жөнүндө маалымат Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча улуттук валюта эквивалентинде чагылдырылат.»;

18.2-пункту төмөнкү мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«Эсептердин саны» саптарында отчеттук күнгө карата тиешелүү статьянын эсептеринин саны көрсөтүлөт.»;

төмөнкү мазмундагы 18-1, 18-2 жана 18-3-главалар менен толукталсын:

«18-1. 14-бөлүк. Экономикалык ченемдердин/көрсөткүчтөрдүн сакталышы жөнүндө маалымат жана банк капиталынын кошумча запасын колдоо жөнүндө талаптар («капитал буфери» индекси).

18-1.1. Экономикалык ченемдерди/көрсөткүчтөрдү эсептөө жана коммерциялык банктардын талаптары «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жободо белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

К1.1, К1.2, К1.3 жана К1.4 ченемдери (көрсөткүчтөрү) «Кредиттөөнү чектөө жөнүндө» нускоого ылайык көрсөтүлөт.

К3.1 ликвиддүүлүк ченеми жумалар боюнча орточо маанини көрсөтөт. Банктын ликвиддүү активдери жана милдеттенмелери «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобого ылайык эсептелет.

18-1.2. «К5.1 жеке адамдар алдында мөөнөттүү депозиттер жана башка милдеттенмелер боюнча максималдуу тобокелдик өлчөмүнүн ченеминин сакталышы жөнүндө күнүмдүк отчет» деп аталган А бөлүкчөдө жеке адамдар алдында мөөнөттүү депозиттер жана башка милдеттенмелер боюнча максималдуу тобокелдик өлчөмү – К5.1 ченеминин мааниси жөнүндө маалымат көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттери (СДФЛ)» тилкесинде отчеттук күнгө карата векселдерди, сактык (депозит) сертификаттарын, облигацияларды, чектерди жана башка милдеттенмелерди кошо алганда, жеке адамдар алдында мөөнөттүү депозиттердин жана башка милдеттенмелердин суммасы чагылдырылат.

18-1.3. «К5.2 жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери боюнча максималдуу тобокелдик өлчөмүнүн ченеминин сакталышы жөнүндө отчет» деп аталган Б бөлүкчөдө жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери боюнча максималдуу тобокелдик өлчөмү – К5.2 ченеминин мааниси жөнүндө маалымат көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери (ДВФЛ)» тилкесинде жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү депозитинин суммасынын орточо мааниси көрсөтүлөт.

18-1.4. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарынын аткарылышы жөнүндө отчет» деп аталган В бөлүкчөсүндө Улуттук банктын талаптарынын аткарылышы жөнүндө маалымат чагылдырылат.

«Айкын мааниси» тилкесинде Улуттук банктын белгиленген талаптарынын айкын мааниси пайыздык катышта көрсөтүлөт.

«Айкын мааниси (миң сом түрүндө)» тилкесинде белгиленген тобокелдиктин айкын суммасы көрсөтүлөт.

18-1.5. «К3.2 кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүк ченеминин сакталышы жөнүндө отчет» деп аталган Г бөлүкчөсүндө К3.2 кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүк ченеминин мааниси жөнүндө маалымат ай ичиндеги күндөр боюнча чагылдырылат. Жогору ликвиддүү активдер жана кыска мөөнөттүү милдеттенмелер «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобого ылайык эсептелет.

18-1.6. «К3.3 дароо ликвиддүүлүк ченеминин сакталышы жөнүндө күнүмдүк отчет» деп аталган Д бөлүкчөсүндө К3.3 дароо ликвиддүүлүк ченеминин мааниси жөнүндө маалымат ай ичиндеги күндөр боюнча чагылдырылат. Жогору ликвиддүү активдер жана кыска мөөнөттүү милдеттенмелер «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобого ылайык эсептелет.

18-1.7. Е бөлүкчөсүндө кошо жоопкерчиликтүү топтун (ГСО) мүчөлөрүнө берилген кредиттердин көлөмү жөнүндө маалымат чагылдырылат.

«Берилген кредиттердин жалпы суммасынан үлүшү (% түрүндө)» сабында банктын кредит портфелиндеги кошо жоопкерчиликтүү топтун мүчөлөрүнө берилген кредиттердин көлөмүнүн пайыздык үлүшү көрсөтүлөт.

«Айкын мааниси (миң сом түрүндө)» сабында кошо жоопкерчиликтүү топтун мүчөлөрүнө берилген кредиттердин көлөмүнүн суммасы миң сом түрүндө көрсөтүлөт.

18-2. 15-бөлүк. Банк капиталынын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициенттерин эсептөө.

18-2.1. 15.1-15.5-бөлүкчөлөрүндө банктын Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүк (шайкештик) стандарттарын аныктоо боюнча нускоого ылайык тобокелдик деңгээли боюнча салмактанган активдери жана балансттан тышкаркы милдеттенмелери көрсөтүлөт.

18-2.2. 15.6-бөлүкчөсүндө төлөө мөөнөтүнө ылайык субординацияланган карыз көрсөтүлөт.

18-2.3. 15.7-бөлүкчөсүндө Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүк (шайкештик) стандарттарын аныктоо боюнча нускоого ылайык банктын капиталынын түзүмү жана капиталдын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициенттерин эсептөөлөр көрсөтүлөт.

«Кийинкиге калтырылган салыктык активдер» деп аталган 790-сапта убакыт айырмасына байланыштуу кийинкиге калтырылган салыктык активдерди эске албаганда, келечекте киреше алуудан көз каранды болгон, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык

стандарттарынын (ФОЭС) негизинде эсептелген бардык кийинкиге калтырылган салыктык активдер көрсөтүлөт.

18-3. 16-бөлүк. Ачык валюта позициялары жөнүндө отчет

18-3.1. Ачык валюта позициялары жөнүндө отчетту толтурууда «Кыргыз Республикасынын аймагында коммерциялык банктардын ачык валюта позиция жана баалуу металлдар түрүндө ачык позиция лимиттерин сактоо тартиби жөнүндө» нускоонун талаптарын сактоо зарыл.

18-3.2. «Валютанын аталышы» тилкесинде валютанын же баалуу металлдын тамга түрүндө коду көрсөтүлөт.

«Улуттук банктын эсептик курсу» тилкесинде төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- ар бир чет өлкө валютасы боюнча Улуттук банктын отчеттук күнгө карата колдонулган расмий курсу көрсөтүлөт;

- баалуу металлдар нак эмес формада сандык мааниде чагылдырылат жана баасы Лондон баалуу металлдар рыногу ассоциациясы тарабынан эсепке алуу жүргүзүлгөн күнгө чейинки күнү белгиленген, Улуттук банк тарабынан отчеттук күнгө карата белгиленген АКШ долларынын сомго карата расмий курсунун кросс-курсу аркылуу эсептелген кечки фиксинг боюнча көрсөтүлөт;

- айкын формада баалуу металлдар – сандык мааниде чагылдырылат жана банктын эсепук алуу саясатына ылайык аныкталган баа көрсөтүлөт.

«Ачык валюта позиция (ОВП) чоңдугу» тилкесинде узун/кыска ачык позиция улуттук валютадагы эквивалентте көрсөтүлөт.

«Аягына чыгарылбаган спот-бүтүмдөр боюнча калдык» тилкесинде отчеттук күнгө карата аягына чыгарылбаган спот-бүтүмдөр (сатып алуу/сатуу) суммасы көрсөтүлөт.»;

- 20.7-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«20.7. Финансылык чалгындоо органына билдирүүлөр саны жана суммасы жөнүндө маалыматтар» деген Д бөлүкчөдө отчеттук ай ичинде финансылык чалгындоо органына «милдеттүүлүк» жана «шектүүлүк» белгилери боюнча сунушталган маалыматтардын жалпы саны көрсөтүлөт. «Жалпы сумма» графасында алар боюнча маалымат финансылык чалгындоо органына сунушталган, операциялар ишке ашырылган жалпы сумма көрсөтүлөт. Бардык суммалар миң сом түрүндө көрсөтүлүүгө тийиш.

Эскертүү: финансылык чалгындоо органы катары Мамлекеттик финансылык чалгындоо кызматын түшүнүү зарыл.»;

- 20.10-пунктунун экинчи жана үчүнчү абзацтары күчүн жоготкон катары таанылсын;

- 20-главанын «Башка маалымат» деп аталган 18-бөлүгү төмөнкү мазмундагы 20.11-пункту менен толуктапсын:

«20.11. «Банктын тобокелдик жагдайлары жөнүндө маалымат» деген И бөлүкчөсүндө банкта орун алган тобокелдик жагдайлары жана мындай жагдайларды четтетүү жана аларга жол бербөө жагында ишке ашырылган чаралар жөнүндө маалымат көрсөтүлөт.

2, 3, 4-тилкелерде маалыматтар: КК.АА.ЖЖЖЖ форматында көрсөтүлөт.

«Башкы кеңсе/филиал/түзүмдүк бөлүмдүн аталышы/№АТМ/төлөө түйүнүнүн аталышы/соода-төлөө ишканасы/» деген 5-тилкеде операциялык тобокелдиктер аныкталган жердин аталышы көрсөтүлөт.

«Инцидент орун алган бизнес-процесс/ишкердик түрү» деген 6-тилкеде 8-тиркемеде келтирилген маалымдамага ылайык код көрсөтүлөт.

«Тобокелдик жагдайын чагылдыруу» деген 7-тилкеде тобокелдик жагдайы жөнүндө кеңири маалымат көрсөтүлөт.

«Тобокелдиктин келип чыгуу себептери» деген 8-тилкеде 9-тиркемеде келтирилген маалымдамага ылайык код көрсөтүлөт.

«Орун алган тобокелдик жагдайынын кесепетин чектетүү үчүн көрүлгөн чаралар» деген 9-тилке эркин форматта толтурулат.

«Операциялык тобокелдикти жөнгө салуу ыкмасы жөнүндө чечимдерди кабыл алуу (камсыздандыруу, негиздүү кабыл алуу, кыскартуу, четке кагуу)» деген 10-тилке эркин форматта толтурулат.

«Контролдук чаралар/иш-чаралар» деген 11-тилке эркин форматта толтурулат.

«Банк ишине» деген 12-тилкеде 10-тиркемеде келтирилген маалымдоого ылайык код көрсөтүлөт.

«Абройго» деген 13-тилкеде 11-тиркемеде келтирилген маалымдоого ылайык код көрсөтүлөт.

«Тобокелдик деңгээлинин шкаласы» деген 14-тилкеде 12-тиркемеде келтирилген маалымдоого ылайык код көрсөтүлөт.

«Сумма» деген 15-тилкеде тобокелдик жагдайларынын банк ишине тийгизген таасирине баа берүү деңгээли миң сом түрүндө көрсөтүлөт.

«Эскертүү» деген 16-тилкеде кошумча маалымат/сунуштар көрсөтүлөт.

Эскертүү. Улуттук банкка сунушталуучу Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун 1-18-бөлүктөрүнүн электрондук версиясында белгилүү бир көз карандылыкты сактоо үчүн каталар протоколу колдонулат. Андагы каталар отчет туура эмес толтурулгандыгын билдирет.

Е, Ж, З, И-бөлүктөрү Улуттук банкка электрондук форматта жана кагаз жүзүндө сунушталат.»;

- 36.3-пунктунун он үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кредитти классификациялоо» деп аталган 22-тилкеде Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 токтому менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобого, Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы № 5/6 токтому менен бекитилген Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайын классификациясын колдонуунун тартибине, Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 28-декабрындагы № 2020-П-33/75-4-(НФКУ) токтому менен бекитилген «Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө» жобого жана 6-тиркемеде келтирилген маалымдамага ылайык, карыз алуучунун кредитине ыйгарылган классификациянын категориясы көрсөтүлөт.»;

- 36.4-пунктунун он биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кредитти классификациялоо» деп аталган 22-тилкеде Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы №18/3 токтому менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобого, Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы № 5/6 токтому менен бекитилген Белгилүү бир критерийлерге жооп берген кредиттердин атайы классификациясын колдонуунун тартибине, Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 28-декабрындагы № 2020-П-33/75-4-(НФКУ) токтому менен бекитилген «Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө» жобого жана 6-тиркемеде келтирилген маалымдамага ылайык, карыз алуучунун кредитине ыйгарылган классификациянын категориясы көрсөтүлөт.»;

- Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөргө карата тиркемелер төмөнкү мазмундагы 8-12-тиркемелер менен толукталсын:

«8-тиркеме

| Инцидент орун алган бизнес-процесстердин/ишкердик түрү коддорунун маалымдамасы | |
|---|---|
| 1 | Жеке адамдарды банктык тейлөө |
| 2 | Юридикалык жактарды банктык тейлөө |
| 3 | Төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү |
| 4 | Кардарларды корпоративдик тейлөөнү жүзөгө ашыруу |
| 5 | Баалуу кагаздар менен операциялар |
| 6 | Активдерди тескөө |
| 7 | Агенттик кызматтарды сунуштоо |
| 8 | Брокердик кызматтарды сунуштоо |
| 9 | Консультациялык кызматтарды сунуштоо |
| 10 | Башка банктык кызматтарды сунуштоо |
| 11 | Башкалар |

9-тиркеме

| Тобокелдиктин келип чыгуу себептеринин коддорунун маалымдамасы | | |
|---|---|---|
| 1 | Процесстерге байланыштуу факторлор | өзүндө ишкердикти жүргүзүүдө пайдаланылуучу ички механизмдерди жана методдорду камтыйт |
| 2 | Адам фактору | адамдардын иш-аракеттерине байланыштуу операциялык тобокелдик |
| 3 | Системалык фактор | банктын автоматташтырылган системасынын ишинде техникалык үзгүлтүктөр, серверди канааттандырарлыксыз тейлөө, системада проблемалар ж.б. |
| 4 | Тышкы фактор | банкка карата терс/алгылыксыз таасирге алып келген кандай болбосун тышкы жагдай |

10-тиркеме

| Банк ишине таасирин тийгизүү боюнча тобокелдик-жагдайларынын деңгээлин баалоо шкаласынын коддорунун маалымдамасы | | |
|---|---|---|
| 4 | Жогорку | А. Калктын банкка карата ишенбестигине, банктын аброюна олуттуу таасир тийгизүүсүнө алып келүүчү филиалдын/сактык кассанын/түзүмдүк бөлүмдүн функцияларын аткаруунун мүмкүн эместиги. |
| | | Б. Маалымат системасынын (маалымат системасын кошо алганда) ж.б. иштен чыгышы. |
| 3 | Орточо | А. Укуктук, аброй тобокелдиктерине алып келиши мүмкүн филиалдын/сактык кассанын/түзүмдүк бөлүмдүн функциялары маалымат алмашуунун ички/тышкы регламентинин мөөнөттөрүн бузуу менен аткарылат. |
| | | Б. Банктын колдонуудагы жол-жоболорунун алкагында четтетилбеген банк иши токтоп калган учурлар бар. |
| 2 | Бир калыпта | А. Филиалдын/сактык кассанын/түзүмдүк бөлүмдүн функциялары ички регламенттин мөөнөттөрүн бузуу менен аткарылат (кадрлардын жетишсиздигине, |

| | | |
|---|---|---|
| | | квалификация талапка ылайык келбегендигине байланыштуу ж.б.). |
| | | Б. Банктын бекитилген жол-жобосунун мөөнөттөрүн бузуу менен четтетилген маалымат системасынын ишиндеги токтоп калуулар. |
| 1 | Төмөн | А. Филиалдын/сактык кассанын/түзүмдүк бөлүмдүн функциялары банктын ички регламентинин белгиленген мөөнөттөрүн бузуусуз аткарылат. |
| | | Б. Банктын бекитилген жол-жобосунун алкагында четтетилген маалымат системасынын ишинде токтоп калган учурлар бар. |

11-тиркеме

| Банктын аброюна таасирин тийгизүү боюнча тобокелдик жагдайлар деңгээлин баалоо шкаласынын коддорунун маалымдамасы | | |
|---|---|---|
| 4 | Жогору | А. Чет өлкө прессасынын банк аброюна таасирин тийгизген терс пикири. |
| | | Б. Банк жетекчилигинин дарегине карата соттун терс чечими. |
| 3 | Орточо | А. Прессада банк иши жөнүндө терс пикири/кампания (бир нече макалалар топтому түрүндө). |
| | | Б. Банкка ишенбестикти шарттаган калктын банк ишине наразычылыгы. |
| 2 | Бир калыпта | А. Сот органдарынын банк кызматкерине (кызматкерлерине) каршы алгылыксыз чечимдери. |
| | | Б. Прессада банк жөнүндө бир жолку терс маалымат. |
| 1 | Төмөн | А. Банктын дарегине жеке адамдардын (жарандардын) терс мазмунда кат жүзүндө жана оозеки кайрылуулары. |
| | | Б. Банктын аброюна таасир тийгизген эмес. |

12-тиркеме

| Банктын финансылык ишине тобокелдик жагдайларынын деңгээлин баалоо шкаласынын коддорунун маалымдамасы | | |
|---|---|---|
| 4 | Жогору | Банктын өздүк капиталынан 1 пайыздан жана андан ашкан банк үчүн жогору өлчөмдө жоготуулары. |
| 3 | Орточо | Тобокелдиктерден улам банктын өздүк капиталынан 0,5 пайыздан 1 пайызга чейин банктын орточо өлчөмдө жоготуулары. |
| 2 | Бир калыпта | Тобокелдиктерден улам банктын өздүк капиталынан 0,1 пайыздан 0,5 пайызга чейин банктын бир калыптагы жоготуулары. |
| 1 | Төмөн | Тобокелдиктерден улам банктын өздүк капиталынан 0,1 пайызга чейин банктын бир аз жоготуулары. |

».